**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**СЕКТОРДУ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ: ИНКЛЮЗИВДИК ӨСҮҮ ҮЧҮН КӨНДҮМДӨР ДОЛБООРУ**

**ТӨРӨБАЙ КУЛАТОВ АТЫНДАГЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА КОЛЛЕДЖИ**

# “ Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча жалпы малымат (3 жыл)”

Сурамжылоону даярдап жана жүргүзгөн адис: ____________ **Пазыл уулу Жоодарбек.**

**Кызыл кыя -2025 жыл**

**Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча жалпы таблица (3 жыл)**

**«Салыктар жана салык салуу» адистиги**

| Окуу жылы | Жалпы саны | Кесиби боюнча ишке орношкон | ЖОЖдо окуусун улантkan | ККК кызмат | Чет өлкө | Башка тармак | Жумушсуз / убактылуу бош |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2022–2023 | 5 | 1 | 2 | 0 | 1 | 1 | 0 |
| 2023–2024 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 |
| 2024–2025 | 9 | 1 | 3 | 2 | 2 | 1 | 0 |

**Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусу боюнча (3 жыл)**

**«Салыктар жана салык салуу» адистиги**

2022–2023, 2023–2024 жана 2024–2025-окуу жылдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуусу боюнча жүргүзүлгөн талдоонун негизинде төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды.


Жалпы маалыматка ылайык, акыркы 3 жылда бүтүрүүчүлөрдүн саны ар түрдүү деңгээлде болуп, айрым жылдары бүтүрүүчүлөрдүн саны аз болгон (2023–2024-окуу жылында маалымат катталган эмес). 2024–2025-окуу жылында бүтүрүүчүлөрдүн саны 9 адамды түзүп, мурунку жылга салыштырмалуу жогорулаган.


Ишке орношуу багыты боюнча талдоодо төмөнкү тенденциялар байкалат: бүтүрүүчүлөрдүн бир бөлүгү түздөн-түз өз адистиги боюнча ишке орношкон. Бул окуу процессинин эмгек рыногунун талаптарына шайкеш экенин көрсөтөт. Ошондой эле бир катар бүтүрүүчүлөр ЖОЖдордо окуусун улантууда, бул алардын билим деңгээлин жогорулатууга жана келечектеги кесиптик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө умтулуусун билдирет.

Айрым бүтүрүүчүлөр КР куралдуу күчтөрүндө кызмат өтөөдө, бул жарандык милдетин аткаруу менен байланыштуу. Ошондой эле бир бөлүгү чет өлкөлөргө эмгек миграциясына чыгып, башка тармактарда иштеп жатышат. Бул эмгек рыногунун мобилдүүлүгүн жана бүтүрүүчүлөрдүн ар түрдүү багыттарда өз ордун табууга аракет кылып жатканын көрсөтөт.

Маанилүү жагдай катары, бардык жылдар боюнча жумушсуз бүтүрүүчүлөрдүн жок экендиги белгиленет. Бул окуу жайдын бүтүрүүчүлөрдү даярдоодогу натыйжалуулугун жана иш берүүчүлөр менен байланыштын жакшы деңгээлде экенин билдирет.

Жалпысынан алганда, алынган маалыматтар «Салыктар жана салык салуу» адистигинин бүтүрүүчүлөрү эмгек рыногунда талап кылынган адистер экенин жана алардын ишке орношуусу туруктуу багытта өнүгүп жатканын көрсөтөт.




Карьера борбору Түзгөн Пазыл уулу Жоодарбек